КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МАНАС РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МАНАССКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

ТЕСКЕМЕ

_____№_____ **Семетей айылы**

Жергиликтүү органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандар менен иштөөсүнүн натыйжалуулугун жана калктын жашоо-тиричилигин камсыз кылуунун сапатын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 23-майындагы № 181 Жарлыгын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 16-ноябрындагы №406-буйругунун негизинде:

1. Манас райондук мамлекеттик администрациясынын айыл чарба сектору Жарлыктын жана ушул тескеменин талаптарын аппараттын кызматкерлерине, райондун аймагындагы айыл өкмөттөрүнө жана мекеме уюмдарга 5 жумуш күнүнүн ичинде жеткирсин.

2.Айыл өкмөттөрүнүн башчылары калк менен практикалык иштөөнүн абалын өз ишин баалоонун негизги критерийлеринин бири катары эсептесин, калктын көйгөйлөрүн биринчи кезекте жеринде чечсин. Айыл чарба сектору калк менен иштөөнүн натыйжаларын айыл өкмөттөрүнүн ишинин рейтингине киргизсин.

3. Манас райондук мамлекеттик администрация башчысынын жана орун басарларынын жеке кабыл алууларынын, түз телефон линияларынын жана көчмө кабыл алууларынын графиги бекитилсин (1-тиркеме):
- жума сайын 09.00дөн 12.00гө чейин же 16.00дөн 20.00гө чейин жеке кабыл алуу;
- ар бир айдын акыркы ишембисинде 09.00дөн 12.00гө чейин түз телефон линиясы;
- айына бир жолудан кем эмес айылдарга көчмө жеке кабыл алуу;
- кайрылуулардын саны көп болгон учурда ишемби жана (же) жекшемби күндөрү кошумча кабыл алуу;

Айыл чарба сектору графигин Манас райондук мамлекеттик администрациясынын расмий сайтында, социалдык тармактардагы расмий аккаунттарда жана жалпыга маалымдоо каражаттарында 10 жумуш күнүнүн ичинде жарыяланышын камсыз кылсын.

4.Айыл өкмөттөрүнүн башчылары Жарлыктын 3-пунктуна ылайык өздөрүнүн жана орун басарларынын жеке кабыл алууларынын, түз телефон линияларынын жана көчмө кабыл алууларынын графиктерин 10 жумуш күнүнүн ичинде бекитип, расмий сайттарда жана социалдык тармактарда жарыялап, Манас райондук мамлекеттик администрациясынын айыл чаба секторуна берсин.

5. Айыл өкмөттөрүнүн башчылары ошондой эле аппараттын бардык секторлору, УТРК Талас Жарлыктын 2- жана 4-пункттарын аткаруу максатында:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Джеенбеков Р.Р.

- түз телефон линияларын, көчмө кабыл алууларды, коомдук кабылдамаларды жана басма сөз жыйындарын ЖМКнын, жарандык коомдун жана жаштар уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу менен өткөрсүн;
- кошумча каржылоону жана атайын текшерүүнү талап кылбаган маселелерди кечиктирбестен чечсин;
- көйгөйлүү кайрылууларды жерине барып карасын, чечим кабыл алууда жарандардын пикирин эске алсын;
- аткарылган иштерди ЖМКда жана интернетте чагылдырсын, калк үчүн маанилүү маселелер боюнча түз көрсөтүүлөрдү жана видеосюжеттерди жайгаштырсын;
- социалдык тармактарда расмий аккаунттарды жүргүзүп, жаңылыктарды үзгүлтүксүз жарыялап турсун;
- эмгек жамааттарында жолугушуулар, диалог аянтчалары аркылуу маалыматтык-агартуу ишин туруктуу жүргүзсүн;
- шыр байланыштын иштешин, кабыл алуу жерлеринин талаптагыдай уюштурулушун жана маалыматтын купуялуулугун камсыз кылсын, кезек күтүү убактысын кыскартсын, зарыл болсо кезекти санариптик башкаруу системасын киргизсин;
- турак жай-коммуналдык чарба, саламаттык сактоо, билим берүү, соода жана транспорт уюмдарынын иштешин артыкчылыктуу тартипте камсыз кылсын, алардын телефондорун жана сайттарына шилтемелерди расмий сайттарга жайгаштырсын;
- кызматтарды, анын ичинде акы төлөнүүчү кызматтарды, электрондук формада кайрылуу жана кайрылууну жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгү менен уюштурсун;
- кызмат көрсөтүүнүн сапатын квартал сайын, келип түшкөн даттануулардын санын эске алуу менен талдап, жыйынтыгы боюнча чара көрсүн;
- өз компетенциясына кирген маселелерди чечүүнү жана макулдашууну жогору турган деңгээлге өткөрбөсүн.

6. Министрликтердин жана административдик ведомстволордун Манас районундагы аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери Жарлыктын 5-пунктуна ылайык ар ишембиде 09.00дөн 12.00гө чейин жеке кабыл алууларды жана түз телефон линияларын өткөрсүн, графиктерин 10 жумуш күнүнүн ичинде Манас райондук мамлекеттик администрациясынын айыл чарба секторуна берсин.

7.Айыл өкмөттөрүнүн башчылары Жарлыктын 6-пунктунун сунуштарын жергиликтүү кеңештердин депутаттарына 15 жумуш күнүнүн ичинде жеткирсин.

8. Айыл өкмөттөрүнүн башчылары кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин жана стандарттарын кайра карап чыгууда (кайталанган жол-жоболорду, кагаз документтерге ашыкча талаптарды жоюу, майыптыгы бар адамдар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу) жана онлайн баалоо системасын киргизүүдө Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги менен өз ара аракеттенсин.

9. Айыл өкмөттөрүнүн башчылары, мекеме-уюмдун жетекчилери кызматкерлердин жарандарга кылдат жана сылык мамилесин, кызматтык этиканын сакталышын камсыз кылсын жана формалдуулуктун, одоно же урматсыз мамиленин ар бир учуру боюнча текшерүү жүргүзсүн жана факты ырасталган учурда күнөөлүүлөрдү тартиптик жоопкерчиликке тартсын.

10. Манас райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси жалпыга маалымдоо каражаттарында жана интернетте жарыяланган, райондун жергиликтүү органдарынын ишин сынга алган материалдарга туруктуу мониторинг жүргүзүүнү уюштурсун. Айыл өкмөттөрүнүн башчылары ар бир материалды 10 жумуш күнүнүн ичинде карап, бузууларды жана алардын себептерин жойсун, негиз болгон учурда күнөөлүүлөрдү тартиптик жоопкерчиликке тартсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

11. Айыл өкмөт башчылары, мекеме уюмдун жетекчилери ушул тескеменин аткарылышы жөнүндө маалыматты айыл чарба секторуна квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 3-күнүнө чейин берип турсун. Ал эми биринчи маалымат 2026-жылдын 27-ноябрына Манас райондук мамлекеттик администрациясынын айыл чарба секторуна берүүнү камсыздасын.

12. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Манас райондук мамлекеттик администрация башчысы акимдин орун басары А.А.Батырбековага жүктөлсүн.

Акимдин биринчи орун басар **Р.Р.Джеенбеков**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН